**ТЕМАСЫ: ВИЧтин жугуу жолдору**

**МАКСАТЫ:**

1. Окуучуларды ВИЧтин жугуу жолдору жана ВИЧке текшерилүү менен    тааныштыруу.
2. Окуучуларда өз ден соолугу үчүн жоопкерчиликти иштеп чыгуу.
3. ВИЧти алдын алуу ыкмалары менен тааныштыруу. АВС стратегиясы.

**УСУЛДАРЫ:** аңгеме, кичи-лекция, оюн.
**САБАКТЫН ЖАБДЫЛЫШЫ:** класстык доска, бор.

**САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ:**
***Классты уюштуруу жана сабактын темасы менен тааныштыруу***

Башка каалаган эпидемиялар сыяктуу СПИД эпидемиясынын учурунда көбүрөөк тобокелдикке барган адамдардын топторун мурда бул коркунучтун топтору деп атап келишкен. Эми болсо аларды мындай деп атабайбыз, себеби бул же тигил жол менен каалаган адам ооруну жугузуп алышы мүмкүн.. Башка сөз менен айтканда биз баарыбыз тобокелдик тобунда барбыз. Бирок адамдар өксүктүгү боюнча болбой эле айырмаланышат.

**Дискуссияга алынып чыга турган аныктамалар.**

**I. Аңгеме – 10 мин.**
ВИЧ, СПИД деген эмне? Эмне үчүн ВИЧ/СПИД коом үчүн көйгөй?

**II. Мугалимдин маалыматы – 15 мин.**
1. ВИЧтин жугуу жолдору.
2. ВИЧ кандайча жукпайт?
3. ВИЧке тестирлөө. Консультация берүү.
4. ВИЧти алдын алуу. АВС стратегиясы.

**III. Анкета алуу – 15 мин.**

**IV. Сабакты анализдөө жана жыйынтыктоо – 5 мин.**

Мугалим: “Тамеки чегүү көйгөйү актуалдуубу?”, - деп сурайт жана окуучуларга өз ой-пикирлерин айтууга мүмкүнчүлүк берет.

Асана.А
Алызи
Алмира
Назар

# СПИД жөнүндө эмне билесиңер?

Туура - **Т** , туура эмес - **Тэ**

| | | |
|---|---|---|
| 1.СПИД менен ооруган адамды кучактоо коркунучтуу. | Т | Тэ |
| 2.Коомдук даараткананы колдонуп , СПИДди жуктурууга болот | Т | Тэ |
| 3.СПИД менен ооруган мугалим менен класста болуу коркунучтуу | Т | Тэ |
| 4.Гомосексуалисттер гана СПИДди жуктуруудан сактанышы керек | Т | Тэ |
| 5.Венасына дарыларды алган адам ,башка адамдын ийнелерин колдонбошу керек | Т | Тэ |
| 6.СПИД менен ооруган адамдын идишин , тамагын кошо колдонгондон СПИДдин вирусу менен жуктуруп алууга болбойт | Т | Тэ |
| 7.СПИД менен ооруган адам менен жыныстык катнаш болбош керек | Т | Тэ |
| 8.Эгерде мектепте бирөө кан аккан жарат алса , аны колуң менен токтотсо болот | Т | Тэ |
| 9.Эгерде оорулуу адам сага карап жөтөлсө же чүчкүрсө,СПИД жугат | Т | Тэ |
| 10.Мектепте СПИД, банги зат,жыныстык катнаш тууралуу сөз кылуу- бул жаман эмес | Т | Тэ |
| 11.СПИД вирустар аркылуу ойгонот. | Т | Тэ |
| 12.СПИДке карата тест оң жыйынтык берсе,ал адам СПИД менен ооруйт | Т | Тэ |
| 13.СПИД кызыл кан денечелерин жабыркатат | Т | Тэ |
| 14.СПИД денеден чыккан бардык суюктуктар аркылуу берилет | Т | Тэ |
| 15.Оорубаш үчүн жыныстык катнашта сактануу керек | Т | Тэ |
| 16.СПИД боюнча жүргүзүлгөн тест ишенимдүү | Т | Тэ |
| 17.СПИД үч жол менен жугат: жыныстык катнаш болгондо; чогуу ийнелерди пайдаланганда ; боюнда бар энеден балага | Т | Тэ |
| 18. Жыныстык катнашта презервативдерди колдонуу СПИДди жуктуруп алуудан сактайт | Т | Тэ |
| 19.СПИДдин көп белгилери(симптомдору) башка оорулардын белгилерине окшош | Т | Тэ |
| 20.СПИД менен байланышкан бирден бир проблема –бул жугузуп алуу жана ооруну аныктоо моменти менен жылга айланышы мүмкүн. | Т | Тэ |

# СПИД жөнүндө эмне билесиңер?

Туура - **Т** , туура эмес - **Тэ**

1. СПИД менен ооруган адамды кучактоо коркунучтуу. Т Тэ
2. Коомдук даараткананы колдонуп , СПИДди жуктурууга болот Т Тэ
3. СПИД менен ооруган мугалим менен класста болуу коркунучтуу Т Тэ
4. Гомосексуалисттер гана СПИДди жуктуруудан сактанышы керек Т Тэ
5. Венасына дарыларды алган адам ,башка адамдын ийнелерин колдонбошу керек Т Тэ
6. СПИД менен ооруган адамдын идишин , тамагын кошо колдонгондон СПИДдин вирусу менен жуктуруп алууга болбойт Т Тэ
7. СПИД менен ооруган адам менен жыныстык катнаш болбош керек Т Тэ
8. Эгерде мектепте бирөө кан аккан жарат алса , аны колуң менен токтотсо болот Т Тэ
9. Эгерде оорулуу адам сага карап жөтөлсө же чүчкүрсө,СПИД жугат Т Тэ
10. Мектепте СПИД, банги зат,жыныстык катнаш тууралуу сөз кылуу- бул жаман эмес Т Тэ
11. СПИД вирустар аркылуу ойгонот. Т Тэ
12. СПИДке карата тест оң жыйынтык берсе,ал адам СПИД менен ооруйт Т Тэ
13. СПИД кызыл кан денечелерин жабыркатат Т Тэ
14. СПИД денеден чыккан бардык суюктуктар аркылуу берилет Т Тэ
15. Оорубаш үчүн жыныстык катнашта сактануу керек Т Тэ
16. СПИД боюнча жүргүзүлгөн тест ишенимдүү Т Тэ
17. СПИД үч жол менен жугат: жыныстык катнаш болгондо; чогуу ийнелерди пайдаланганда ; боюнда бар энеден балага Т Тэ
18. Жыныстык катнашта презервативдерди колдонуу СПИДди жуктуруп алуудан сактайт Т Тэ
19. СПИДдин көп белгилери(симптомдору) башка оорулардын белгилерине окшош Т Тэ
20. СПИД менен байланышкан бирден бир проблема –бул жугузуп алуу жана ооруну аныктоо моменти менен жылга айланышы мүмкүн. Т Тэ

Тұратбекова

# СПИД жөнүндө эмне билесиңер?

## Туура - Т , туура эмес - Тэ

| | | |
|---|---|---|
| 1.СПИД менен ооруган адамды кучактоо коркунучтуу. | Т | Тэ |
| 2.Коомдук даараткананы колдонуп , СПИДди жуктурууга болот | Т | Тэ |
| 3.СПИД менен ооруган мугалим менен класста болуу коркунучтуу | Т | Тэ |
| 4.Гомосексуалисттер гана СПИДди жуктуруудан сактанышы керек | Т | Тэ |
| 5.Венасына дарыларды алган адам ,башка адамдын ийнелерин колдонбошу керек | Т | Тэ |
| 6.СПИД менен ооруган адамдын идишин , тамагын кошо колдонгондон СПИДдин вирусу менен жуктуруп алууга болбойт | Т | Тэ |
| 7.СПИД менен ооруган адам менен жыныстык катнаш болбош керек | Т | Тэ |
| 8.Эгерде мектепте бирөө кан аккан жарат алса , аны колуң менен токтотсо болот | Т | Тэ |
| 9.Эгерде оорулуу адам сага карап жөтөлсө же чүчкүрсө,СПИД жугат | Т | Тэ |
| 10.Мектепте СПИД, банги зат,жыныстык катнаш тууралуу сөз кылуу- бул жаман эмес | Т | Тэ |
| 11.СПИД вирустар аркылуу ойгонот. | Т | Тэ |
| 12.СПИДке карата тест оң жыйынтык берсе,ал адам СПИД менен ооруйт | Т | Тэ |
| 13.СПИД кызыл кан денечелерин жабыркатат | Т | Тэ |
| 14.СПИД денеден чыккан бардык суюктуктар аркылуу берилет | Т | Тэ |
| 15.Оорубаш үчүн жыныстык катнашта сактануу керек | Т | Тэ |
| 16.СПИД боюнча жүргүзүлгөн тест ишенимдүү | Т | Тэ |
| 17.СПИД үч жол менен жугат: жыныстык катнаш болгондо; чогуу ийнелерди пайдаланганда ; боюнда бар энеден балага | Т | Тэ |
| 18. Жыныстык катнашта презервативдерди колдонуу СПИДди жуктуруп алуудан сактайт | Т | Тэ |
| 19.СПИДдин көп белгилери(симптомдору) башка оорулардын белгилерине окшош | Т | Тэ |
| 20.СПИД менен байланышкан бирден бир проблема –бул жугузуп алуу жана ооруну аныктоо моменти менен жылга айланышы мүмкүн. | Т | Тэ |

Эшибекова Жаркынай

# СПИД жөнүндө эмне билесиңер?

## Туура - **Т** , туура эмес - **Тэ**

1.СПИД менен ооруган адамды кучактоо коркунучтуу. Т Тэ

2.Коомдук даараткананы колдонуп , СПИДди жуктурууга болот Т Тэ

3.СПИД менен ооруган мугалим менен класста болуу коркунучтуу Т Тэ

4.Гомосексуалисттер гана СПИДди жуктуруудан сактанышы керек Т Тэ

5.Венасына дарыларды алган адам ,башка адамдын ийнелерин колдонбошу керек Т Тэ

6.СПИД менен ооруган адамдын идишин , тамагын кошо колдонгондон СПИДдин вирусу менен жуктуруп алууга болбойт Т Тэ

7.СПИД менен ооруган адам менен жыныстык катнаш болбош керек Т Тэ

8.Эгерде мектепте бирөө кан аккан жарат алса , аны колуң менен токтотсо болот Т Тэ

9.Эгерде оорулуу адам сага карап жөтөлсө же чүчкүрсө,СПИД жугат Т Тэ

10.Мектепте СПИД, банги зат,жыныстык катнаш тууралуу сөз кылуу- бул жаман эмес Т Тэ

11.СПИД вирустар аркылуу ойгонот. Т Тэ

12.СПИДке карата тест оң жыйынтык берсе,ал адам СПИД менен ооруйт Т Тэ

13.СПИД кызыл кан денечелерин жабыркатат Т Тэ

14.СПИД денеден чыккан бардык суюктуктар аркылуу берилет Т Тэ

15.Оорубаш үчүн жыныстык катнашта сактануу керек Т Тэ

16.СПИД боюнча жүргүзүлгөн тест ишенимдүү Т Тэ

17.СПИД үч жол менен жугат: жыныстык катнаш болгондо; чогуу ийнелерди пайдаланганда ; боюнда бар энеден балага Т Тэ

18. Жыныстык катнашта презервативдерди колдонуу СПИДди жуктуруп алуудан сактайт Т Тэ

19.СПИДдин көп белгилери(симптомдору) башка оорулардын белгилерине окшош Т Тэ

20.СПИД менен байланышкан бирден бир проблема –бул жугузуп алуу жана ооруну аныктоо моменти менен жылга айланышы мүмкүн. Т Тэ

# Тест

Урматтуу катышуучу, өз ысымыңызды жазуунун кажети жок. Сиздин анкетаңыз жашыруун сыр катары сакталат. Мектепте жана үйдө сиздин бул берген жоопторуңуз тууралуу эч ким биле албайт.

I. Ар бир чечимди окуп туруп, өзүңүз туура деп эсептеген жооптордун вариантынаар бир катарга белги коюңуз.

| Чечимдер | Бул чындык деп ишенем (1) | Бул чындык деп ойлойм (2) | Бил-бейм (3) | Бул чындык эмес деп ойлойм (4) | Бул чындык эмес деп ишенем (5) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. ВИЧ-инфекцияны ВИЧ-илдети бар адамдар менен жыныстык катнашта болгондо жугузуп алышы мүмкүн | | ✓ | | | |
| 2. ВИЧ-инфекцияны жугузуп албас үчүн жыныстык катнашта презервативди колдонуу керек | | | ✓ | | |
| 3. ВИЧ-илдети бар адамдардан чиркейлер чагуусу аркылуу соо адамдарга илдет жугуусу мүмкүн. | | | | ✓ | |
| 4. ВИЧ-илдети бар адамдардан идиш-аяк, сшлгшрдщ чогуу колдонгондо, ошондой эле ёбщшщщ аркылуу ВИЧ-инфекциясын жугузуп алуусу мүмкүн. | | | | ✓ | |
| 5. ВИЧ-инфекциясын жуктуруп алган адам тез аранын ичинде өзүн жаман сезип, ооруп калганын сезиши мүмкүн | | | ✓ | | |
| 6. ВИЧ-инфекциясын жуктуруп алган аялдан дайыма эле ВИЧ-илдеттүү бала туулушу мүмкүн. | | | | | ✓ |
| 7. Баңги затын колдонуучулар ВИЧ-инфекциясын көпчүлүк учурда чогуу колдонгон ийне жана шприцтер аркылуу жуктуруп алышат. | | | ✓ | | |

II. Ар бир чечимди окуп туруп, өзүңүз туура деп эсептеген жооптордун вариантына ар бир сызыкка белги коюңуз.

| Чечимдер | Ооба, сөссүз (1) | Мүмкүн, ооба (2) | Бил-бейм (3) | Андай деле эмес (4) | Жок (5) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. Сиз отуруштасыз. Достордун кампаниясы сизге кызыктуу сезилет. Капыстан эле бирөө сиздердин араңыздарда ВИЧ-илдеттүү адам бар деп айтат. Ушул эле адамдар менен дагы бир жолу жолугаар белеңиз? | | ✓ | | | |
| 2. Эгерде сиздин ВИЧ-илдеттүү таанышыңыз болсо, сиз ага айланадагылардан бул абалын жашырууну сунуш кылат белеңиз? | | | | | ✓ |
| 3. Ашканадан ВИЧ-илдети бар деген бир жигитти байкап калдыңыз. Ал сиз отурган столго отургусу келсе, сиз ирээнжийт белеңиз, туруп кетүүгө аракеттенесизби? | | | | | ✓ |

# Синквейн

*1. СПИД*

*2.Айыкпайт. жугат*

*3.Жугуштуу,коркунучтуу, айыкпас*

*4.Бул 21 – кылымдын чумасы*

*5.Оору*

# Кайсы убакта СПИД жукпайт ?

1. *Чүчкүргөндө*
2. *Жөтөлгөндө*
3. *Кол алышканда*
4. *Өбүшкөндө*
5. *Чогуу тамактанганда*
6. *Бассейнде*
7. *Кучакташканда*


## СПИД – кандай жолдор менен жугат?

**СПИД** 3 жол менен жугат:

1.Жыныстык катнаш аркылуу

2.Кан аркылуу


3.Энеден балага,наристеге кош бойлуулук,төрөт, эмчек эмизген учурларда жугат


СПИД – кылым душманы!!!



Ден-соолугу чың адам
Оорууга жаңы чалдыккан адам
Спид оорусу менен ооруган адам.

# СПИД – КЫЛЫМ ДУШМАНЫ!



## СПИД 3 ЖОЛ МЕНЕН ЖУГАТ:

1. Энеден балага.
2. Жыныстык жол менен.
3. Кан аркылуу.

## Темасы: «Кылымдын дарты – СПИД»

## Мугалим: Айдаркулова А. Н.

## Аскер уулу Нурлан атындагы Ортосуу орто мектеби

# Тема: XX – кылымдын чумасы

**Сабактын максаты**:

а) Окуучуларга жугуштуу оорулардын бири болгон – «XX-кылымдын чумасы» болгон СПИД жөнүндө жалпы маалымат;

б) Бул оорунун пайда болуу себептери, адам организмине тийгизген терс таасири, жугузуп алуу жолдору, дарылоочу вакциналар, Спид ооруусунун Жер жүзүндө таркалышы жана күч алган борборлору, аны менен күрөшүүчү коомдор жөнүндө түшүнүк берүү.

в) өз чөйрөсүндө таза, гигиеналык талапка ылайык жүрүүгө тарбиялоо.

**Сабактын жабдылышы**:

ар кандай китептер, брошюралар, сүрөттөрдөн үзүндүлөр, плакаттар, бор, анкеталардын барактары, сценканын материалы.

**Сабактын методу**: аңгемелешүү, суроо-жооп.

**Сабактын жүрүшү**: уюштуруу моменти;

Спид – тууралуу түшүнүк берүү;
Сценка аткаруу;
Анкета толтуруу;
Жыйынтыктоочу суроолорду берүү;
Бышыктоо.

**Мугалимдин сөзү:**

Балдар, биз бүгүн «XX – кылымдын чумасы» - деп аталган коркунуч туу оорунун бири СПИД жөнүндө сөз кылмакчыбыз. Адегенде «Инфекция», «Эпидемия», «Пандемия», «Вирустар» деген сөздөрдүн маанисин түшүнүп алалы.

Инфекция – ооруну алып жүрүүчү микробдордун организмге кириши жана ар кандай ооруларды пайда кылуу процессии.

Эпидемия - жөнөкөй шарттарда оорунун күч күчөтүлгөн мүнөздөрүнүн пайда болушу жана анын күчөтүлүшү.

Пандемия - бүткүл Жер шаарын каптаган эпидемия.

Вирустар -

Эми бизге мындай суроо туулат?

1. «ВИЧ» - деген эмне?
2. «СПИД» - деген эмне?

ВИЧ – адамдын иммунодефицит вирусу деп чечмеленет. Бул сөз эмне дегенди билдирет?

Вирус – эң эле майда, оору оору пайда кылуучу курт. Адамдын организминде көптөгөн инфекциялык – жугуштуу ооруларды пайда кылуучу микроорганизмдер. Кээ бир вирустар, биздин организмибизге кирип алып, анын аткаруучу кызматын бузуп, дартка чалдыктырат,

Иммуно – иммунолук тармак менен байланышкан, башкача айтканда, оорулар жана микробдор – инфекция менен күрөшүүчү биздин организм жана клеткаларыбыз менен байланышып алат.

Дефицит – жетпегендик, жетишсиздик.

Иммунодефицит болгондо организм ушунчалык бүлүнүп талкаланат, ал өзүнүн функциясын – ишин нормалдуу аткармак турсун, жөнөкөй эле жеңил оору, микробдор менен күрөшө албай калып, дарт күчөп, кабылдап кетет.

ВИЧ – бул белгилүү жолдор менен кишиден кишиге жугуучу, анан адамдын организминин иммундук системасын бузуп талкалай баштоочу вирус – микроб.

ВИЧ – бул СПИД оорусун пайда кылуучу, ага шарт түзүүчү вирус – микроб болуп эсептелет.

СПИД – биздин кылымдын аягында башталган оору, ал жер шаары боюнча чагылгандай тез тарап, бүгүн бүткүл адам зат үчүн коркунуч туудурууда.

СПИД оорусу бул акыркы учурда таркалып бара жаткан ВИЧ – инфекциялык оору. Бул оору менен азыркы учурда көптөгөн мамлекеттерде оорулуу адамдар жабыркап жатышат. Дүйнөдө 2 млн.дон ашык адам бул оору менен ооруп жатса, анын көпчүлүгү 50 – 60 %ти 14-17 жаштагы өспүрүм балдар экендиги өкүнтпөй койбойт. Оорунун алгачкы чыккан жери тропика алкагындагы Африка мамлекети. Анда алгачкы жолу адамга үйүр алып жашаган маймылдын бир түрү «Лимур» маймылынын канынан табылган. Кийинчирээк башка өлкөлөргө тараган. Алсак, 1981 – жылы июнь айында 8 айдын ичинде Калифорния штатынын больницаларында 5 оорулу адамдын өпкө оорусун – пневмоцистерди пайда кылуусу жөнүндөгү статья жарыкка чыккан. Баардык ооруган адамдар жаш жигиттер болгондугу айтылган. Кийинки заметкаларда гомосексуалисттерде Капоши саркомасынын пайда болгондугу тууралуу айтылган. Ошентип СПИД оорусунун тарыхы башталган Аны төмөнкү билдирүүлөрдөн көрүүгө болот.

- 1982 ж. СПИД менен ооругандар 19 өлкөдө аныкталган.
- 1983 – жылы дүйннөдө СПИД менен ооругандардын саны 2000ге жеткен.
- 1986 – жылы 10 000 оору катталган.
- 2004 – жылы күнүнө 14,5 миң ВИЧ менен оорулулар пайда болуп, 8 миң адам СПИДден каза табышкан.

Биздин өлкөгө акыркы төрт – беш жылдын ичинде кирип келди жана учурда кыргыз граждандары да бул оору менен жабыркан жатышат. Республикалык СПИД коомунун 2005 – жыл октябрь айында тактап чыгарган маалыматы боюнча жалпы ВИЧ+СПИД оорусу менен катталгандар биздин мамлекетте бүгүнкү күндө 778 адамды түзөт. Мунун ичинде Кыргыз Республикасынын жарандарынан инфекцияны жугузуп алгандар 692, СПИД менен ооругандары 50 киши. Анын ичинен 45и эркектер, 5и аялдар, катталгандардын 86 адамы чет өлкөлүк жарандар. Ал эми наркомандардын катталганы 606 адам. Кыргызстанга быйыл биринчи жолу Глобалдык фонд тарабынан ВИЧ/СПИДке каршы күрөшүү үчүн 3 минден 6 миң долларга чейинки акча сарпталган.

Бишкек шаарында 123 адам, Чүй областында 124, Жалалабатта 56 адам катталган болсо, Ош областында 121, Ош шаарынын өзүндө 243, Көлдө 3, Нарын, Таласта 1ден. Жалпы көрсөткүч боюнча октябрь айындагы катталган 778 адамдын эркек аялын кошкондо 110 адам өлгөн.

**Окуучулар сценка аткарышат. Сценкага катышуучулар**:

1. Ата – энеси:
2. Баласы:
3. Достору (кыздар, балдар):
4. Баланын досу:
5. Доктор:

Мектеп сахнасы (айылда)

Баласы: Ассоолому, алейкум ата,апа! Кандайсыздар? Демдүү-гүүлүсүздөрбү, мал-жан аманбы?

Атасы: Ооба балам, келегой, өзүң ден-соолукта жүрөсүңбү? Келбей койдуң го ?

Баласы: Жаңы ишке орноштум атаке, эптеп шаардан үй алсам, сиздерди алып кетейин деп жатам.

Атасы: Аа, анда жакшы балам. Ата уулу деген ошондой болот. Бул ишиң кандай ия?

Баласы: Азырынча банка жаңы кадр болуп орноштум. Буюрса ишим жакшы.

Атасы: Жакшы иште уулум, эли жериңдин, ата-энеңдин бетин жер каратпа.

Баласы: Убакыт да болуп калды, ата! Мен кайтайын шаарга. Эртең жумушка да чыгам.

(баласы атасы менен коштошуп жөнөйт)

Апасы: Аай токто! Узак жол жүрөсүң, башыңдан суу айлантып коеюн, кайда жүрсөң да, суук сөздөн, жаман көздөн аман бол, каралдым! (суу тегеретип сүйлөнөт)

Баласы: Болуптур, жакшы туруңуздар. (баласы кетет)

(Шаардагы баласы турган ижара. Бала жумушка даярданып жатса, эшик тыкылдайт)

Бала: Бул ким? Кир, кире бер. Эшик ачык.

(Сырттан баланын чогуу окуган досу кирет.)

Досу: Оо досум, иш кут болсун! Көрүнбөй кеттиң го? Кайда жүрөсүң деги, барсыңбы?

Бала: Рахмат досум, өзүң көрүнбөйсүң да!

Досу: Аа биз жүрөбүз ушу шаарды айланып, жүрбөйсүңбү, бир аз айланып келбейлиби? Иштй жууп дегендей.

Бала: Жок досум, убактым аз, иш көп. Анын үстүнө жумушка да жаңы орноштум. Кечигип калсам, уят болот го?

Досу: Мейли анда, көрүшкөнчө, барсаң болот эле, эс алмакпыз. Кечки шаардын сулуулугуна көз да салмакпыз.

Бала: Кой досум, башка күнү. (ошентип арадан бир жыл өтөт.)

(бала эс алып, ойго чөмүлүп):

Убакыт кандай тез, арадан билинбей эле бир жыл өтүп кетиптир,
Ишим жакшы, айылга барып ата-энемди да көрүп келсем болот эле.
Кой көп ойлонбой, ишке жөнөйүн.
(Аңгыча эшик такылдайт).

Бала: Кире бериңиз, кире бериңиз. Эшик ачык. (сыртта баягы досу).

Досу: Ээ дос, кандай? Иштер жакшыбы? Оңолуп алгансыңбы, көрүнүшүң жаман эмес. Ден-соолук, ата-энең жакшыбы? (экөө кучакташып көрүшөт).

Бала: Рахмат досум келгениңе, тез-тез келип турсаң, өзүң көргөндөй ден-соолук жаман эмес, иш ойдогудай.

Досу: Оо көрүп турам! Жүрбөйсүңбү ишти жууп, майрамдайлы. Качан чакырсам эле болбойсуң.

Бала: Койбодуң, досум, барса барайын эми.
(Экөө көчөгө чыгып, кафеге киришет, кафеде кыздар, балдар столдо отурушат).

Досу: Достор, бүгүн силерге, сюрприз жакын досумду алып келдим. Аты …., банкта иштейт.Таанышып ал, менин досторум.

Кыздар:
Оо, ничево, симпатичный, красивый экен. Чөнтөгү кандай болду экен?

Досу: Ал жагынан кам санабагыла кыздар, баардыгы жайында.
(Балдар таанышып, аттарын айтышат).

Досу: Кана эмесе, достор арактан куйгула.

Бала: Достор, мен ичпейм.

Балдар, кыздар: Койсоңчу дос, ушул күндө ичпеген адам барбы, кайдагыны айтпай.

Кыздар: Койчу эми жанында биздей периштелер отурганда, таанышкандыгыбыз үчүн ичип кой.Сен мага аябай жагып калдың.
(Бала ичиркенип стакандагыны ичип жиберет).
Балдар, кыздар көпкө отурушуп, ырдашат, бийлешет. Убакыт да бир топ болгонун сезишпейт.

Досу: Кой дос, болду эми кайталы.

Бала: Дагы бир аз бийлейли, кое турчу, шаштырбай. Кайра музыка угулат. Дагы бир топко чейин отурушуп, анан тарашат. Досу экөө кетип баратышат. Экөө тең мас, бири-бирин жөөлөп, таяп ырдап келе жатышат.

Айлуу түн түнкүсүн,
Сен жанымда жүрчүсүң.
Каткырып мен күлгөндө,
Сен да кошо күлчүсүң.

Бала үйүнө келип, уктайт. Эртеси ордунан турса, башы ооруп, тура албай калыптыр. Жумушуна да барган жок.

Бала: кечээ көп ичип коюптурмун, баш жарылайын дейт ко, атаңдын көрү. Ээ бүгүнчө иш токтоп турат да, андан көрө досторго барайын.Кайра кафеге барат. Кафеде баягы эле кыздар, балдар отурушат.

Достору: Ээ достор куйгула, жанагыңардан орогула! Көңүлдүү отуралы.
(кагазга ороп айлантып бирден чегишет).

Бала какап-чакап көзүнөн жаш кетет.

Досу: Көнө бер досум, үйрөнүп кетесиң, баардыгыбыз эле башында ошенткенбиз.

1 - кыз: Бул жашоонун кызыгы ушул чөптө да! (каткырып күлөт)

Бала: Кыздар, мен эргип баратам, музыка! Келгилечи, бийлейли.

1- бала: Ээ дос, акча болсо, ташта ийнесинен да көрөлү, бий анан шашпай болот.

Бала: Акча элеби, алгыла каалаганча. Мына, чөнтгөгүндөгү акчаны чачат. Ошентип бала жаман компанияга кошулуп, ооруну жугузганын билбей да калды. Катуу кыйналып, көпкө ооруду. Айласы кетип, күндөрдүн биринде, бала доктурга кайрылат.

(Доктурдун кабинети)

Доктор: баланын анализин карап, оо сен бул ооруну коркунучтуу жол менен жугузуп алгансың. Алгач бул оорунун белгилери билинбейт, кайдан, кимден жугузганыңды сезбей да каласың? Биздин канда атайын бөтөн заттардан коргоочу «иммундук система» бар. Ал табигый канда пайда болуп турат. Ал эми жасалма иммунитет–биз колдонгон дары-дармектер. Бизге микроорганизмдер бактерия, вирустар, тери ооз көңдөйү аркылуу кирет.

Азыркы учурда СПИД оорусун айыктыруучу вакцина табыла элек. СПИД – кабылданган иммун жетишсиздигинин синдрому – дегенди билдирет. Бул оору негизинен 3 жол менен кан аркылуу гана жугат.

1. Сактануу чаралары көрүлбөгөн жыныстык жол менен.
2. Боюнда бар аялдан балага же эмизген балага.
3. Колдонулган шприц, киберсиген эриндерден. Сенде бул 3 жол тең катышкан.

Бала: Эми мен эл катарынан чыктымбы?

Доктор: Жок, сен иштегенге, адам арасында жүрүүгө, үй-бүлөөңдү, ата-энеңди сүйүүгө укуктуусуң. Эгер дарыланбай, бул оруну таркатышты токтотпосоң, албетте закон алдында жооп бересиң.

Бала: Кечир мени Ата-Эне! Эми калган өмүрүмдү силерге, эл журтума арнайм. Бала башын мыкчып, кайгылуу отурат.

Мугалим окуучуларга кайрылып, суроо берет жана окуучулар анкеталарды толтурушат.

1. Эгер сенин жакын досуң ушул оору менен ооруп калса, сен эмне кылат элең?
2. Зееniңди кейиткен көрүнңш.
3. Сени ойлонткон маселе.
4. Сенин сезимиңде калган элестүү көрүнүш.
5. Досторуңа, жалпы журтка болгон каалооң.